**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ**
**ОРТО-КАЙЫҢДЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ОРТО- КАЙЫНДЫ**

---

**Кезексиз сессия** **VIII – чакырылыш**

# ТОКТОМ № 21

16.09. 2024-ж. Вознесеновка а.

## “ Орто-Кайыңды айыл аймагында маалыматтык-жарнамалык түзүмдөрдү жайгаштырууга карата талаптардын эрежелерин бекитүү жөнүндө”.

Орто-Кайыңды айыл өкмөтүнүн башчысы Баязова Ж.Э.нын Панфилов райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 06-майындагы № 14 “ Панфилов районунун аймагында маалыматтык - жарнамалык түзүмдөрдү жайгаштырууга карата талаптардын бекитүү жөнүндө” маалыматын угуп жана Кыргыз Республикасынын “ Жарнак жөнүндө”, ” Мамлекеттик тил жөнүндө” , ” Шаар куруу жана архитектура жөнүндө” Мыйзамдарын ишке ашырууга жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-сентябрындагы №597 – токтому менен бекитилген “ Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарын куруунун, жер пайдалануунун жана абатташтыруунун типтүү эрежелерин бекитүү жөнүндө” эрежелерин жетекчиликке алып, Орто-Кайыңды айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Орто-Кайыңды айыл аймагында маалыматтык-жарнамалык түзүмдөрдү жайгаштырууга карата талаптардын ошону менен бирге имараттардын, курулмалардын фасаддарынын сырткы көрүнүшү жана маалыматтык-жарнамалык курулмаларды жайгаштыруу жана эксплуатациялоо талаптарынын эрежелери расмий тилде Эрежеде колдонулган кээ бир терминдерди туура жана так жеткирүү менен иште пайдалануу ирээтинде 1, 2-тиркемелерге ылайык бекитилсин.

2. Ушул токтомдун аткарылышы Орто –Кайыңды айыл өкмөтүнүн башчысы Баязова Ж.Э жүктөлсүн.

Төрага К.Мырзагелдиев